Айдыңы арткан "Алтынкен"

«Алтынкен» компаниясынын башкармалыгынын төрагасы Се Мейюэ:

# "Ар бир кызматкер компаниянын камкордугун сезсин"

奥同克矿业 Алтынкен

**"Алтынкен" компаниясынын салтка айланган кезектеги иш-чарасы болуп өттү.**

**Айына эки жолу «Алтынкен» компаниясынын башкармалыгынын төрагасы Се Мейюэ Башкармалыктын атынан туулган күнү ушул айга туура келген кызматкерлерди куттуктайт, ар бир кызматкерге башкармалыктын төрагасынын колу коюлган куттуктоо баракчасы жана чоң торт тапшырылат.**









Жыпара ЖЭЭНАЛИЕВА, «Кыргыз Туусу»

Бул күнү башкармалыктын мүчөлөрү жана комплекстердин жетекчилери кызматкерлерди компаниянын атынан куттуктап, майрамдык торттордү тартуулашат.

Мындан тышкары, ар бирине 1000 сом төлөнөт. 50, 55, 60 жылдык маарекелерин белгилеп жаткан кызматкерлерге компания 3000 сомдон берип келет.

Компаниянын адам ресурстарын башкаруу башкармалыгынан берилген маалымат боюнча, болжол менен 60-70 кызматкер ай сайын туулган күнүн белгилешет. Ал эми ар бир кызматкерге туулган күнүнө карата көңүл буруп акчалай сыйлыктарын тапшырып турат.

Мындай күндөрү кен ишканасында торт көтөрүп жылмайган кызматкерлерди байкоого болот, бул компаниянын бүткүл жамаатына майрамдык маанай тартуулайт. Көрүнгөн катардагы окуя – адамдын туулган күнү, бирок, мындай күнү компаниянын жетекчилиги ар бир кызматкерге өзгөчө көңүл бурат.



Ошону менен ар бир кызматкердин баалуулугун баса белгилеп, атайын куттукташат.

Ал эми кызматкер пенсияга чыкса, компания 20000 сом өлчөмүндө бир жолку жөлөкпул төлөп берет. Пенсионерди узатуу компаниянын баалуу белектери жана майрамдык дасторкон менен коштолот.

Жамааттык келишимге ылайык, кызматкерлер компаниянын башка жардамынан пайдаланышат. Бул кызматкерди кубаныч менен эс алууга узатууда башкармалыктын өзгөчө маанай тартуулаган иш-чараларынын бири катары билсек болот.

"Ар бир кызматкер аны жан аябас эмгекке жана командалык духту чыңдоого үндөгөн компаниянын камкордугун сезсин", – дейт "Алтынкен" компаниясынын башкармалыгынын төрагасы Се Мейюэ.